Жалал-Абад шаарындагы №8 жалпы орто билим берүүчү мектебинин 2021-2022 окуу жылы ичинде мектеп окуучуларынын арасында кылмыштуулуктун алдын алуу багытында аткарылган окуу-тарбия иштеринин аткарылышы жөнүндөгү маалыматы.

**Кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча окуу жылы арасындагы жашы жете элек өспурүмдөрдүн кылмышка катышуусунун көрсөткүчтөрү(мониторинг)**

| Окуу жылдары | Кылмышка катышы бар балдардын тизмеси | Туулган жылы,айы,окуган классы | Кылмыштын түрү,анын мөөнөтү | Жасалган кылмыш иши боюнча көрүлгөн чаралар(КДД,ИДН учет,айып пулдар) |
|---|---|---|---|---|
| 2016-2017 | - | | | |
| 2017-2018 | - | | | |
| 2018-2019 | - | | | |
| 2019-2020 | - | | | |
| 2020-2021 | - | | | |
| 2021-2022 | - | | | |

**Жашы жете элек өспүрүмдөрдүн ИДН жана мектеп ичинде көзөмөлдө турган окуучулар боюнча сандуу көрсөткүчтөрү (мониторинг)**

| Окуу жылдары | ИДНде каттоодо турган балдардын саны | Мектептин ички көзөмөлүндө турган балдардын саны | Зордук зомбулук кабылган балдардын саны | Баңгизат,наркотика (тамеки,кольян,насвай ,клей,спирттик)заттарга көз каранды болгон балдардын саны |
|---|---|---|---|---|
| 2016-2017 | - | | | |
| 2017-2018 | - | | | |
| 2018-2019 | - | 2 | 2 | |
| 2019-2020 | | | | |
| 2020-2021 | 2 | - | | |
| 2021-2022 | 2 | - | | |

Жалал-Абад шаарындагы №8-орто мектебинде 2021-2022-окуу жылында жаш өспүрүмдөрдүн арасында укук бузуулардын кылмыштуулуктун алдын алуу максатында төмөндөгүдөй иштер аткарылды.

Окуучулардын арасында кылмыштуулуктун алдын алуу максатында ар бир класс жетекчи айына эки жолу ата-энелер жыйналыштарын өткөрүштү.

Кылмыштуулуктун алдын алуу максатында,дин кызматкерлери, ШБББнүн адистери, ИДН кызматкерлеринин катышуусунда жалпы ата-энелер чогулуштары 6 жолу өткөрүлүп, өткөрүлгөн ар бир ата-энелер жыйналыштарында кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Окуу жылынын жүрүшүндө айына эки жолудан окуучулар менен «Жашы жетелек өспүрүмдөрдүн арасында укук бузуулардын жана кылмыштуулуктун алдын алуу» максатында ЖЖӨИнин кызматкери Кадырали уулу Дилшат чогулуш өткөрдү.

**Окуу процесси боюнча.**

Шартка байланыштуу окуу жылы 15-сентябрда башталды.Окуучулар мектепке келишип атайын даярдалган салтанаттуу линейкага катышып,окуу класстарына кирип 1-4 класстар «Ата-Журтум-Асыл мекеним»5-11-класстар «Түбөлүккө желбирей бер эгемендик желеги» деген темаларда тарбиялык сааттарды өтүштү.

Жылдык айлык пландар түзүлүп бекитилди,тарбиялык журналдар алынып текшерилди. 14-сентябрда Жалал-Абад шаардык мэриясы тарабынан,Жалал-Абад шаарынын аймагындагы жалпы орто билим берүү мектептеринин окуучуларына «Балдарды үйдө,мектепте,коомдук жайларда зордук-зомбулуктун,кылмыштуулуктун,суициддин,алдын алуу жана коргоо»аталышында жыйналыш иш-чараларды уюштуруу жөнүндөгү буйругунун негизинде «Өз өмүрүн кыюу,өзүнө өзү кол салуунун(суициддин)кесепеттери деген темада тегерек стол өтүлдү.

23-сентябрь Кыргыз тил мыйзаманынын кабыл алынгандыгынын 32 жылдыгына карата «Кыргыз тили кыйыр жолду баскан тил»атуу чакан концерттик кече өткөрүлдү.

5-октябрь мугалимдердин майрамына карата тарбиялык ачык саатар өтүлдү жана алдынкы мугалимдер жана окуучулар тарабынан жалпы мугалимдер жамаатына мыкты деңгээлде иш чара өткөрүлдү.

29-октябрда Шаардык билим берүү МАИ кызматкерлери менен биргеликте «Жол эрежесин билүү өмүр коопсуздугу»темасында Жолдо жүрүү эрежелери боюнча мыкты деңгээлде иш чара өтүлдү.

**Укук бузуулардын жана кылмыштуулуктун алдын алуу:**

Жалал-Абад шаарынын мэриясынын 2021-2022-жылдарга балдарга карата ырайымсыз мамилелердин жана зомбулуктун алдын алуу боюнча иш-чаралар планынын негизинде иштер алынып барылды.Кыргыз Республикасынын балдар үчүн юстицияны өнүктүрүү боюнча мамлекеттик программаны" ишке ашыруу максатында шаардык мэриясынын иш-чаралар планынын негизинде мектепте окуучулардын арасында укук бузууларды алдын алуу максатында мектеп администрациясынын өкүлдөрүнөн педагогикалык жамааттын мүчөлөрүнөн,ата-энелерден,жогорку класстардан турган мектептин алдын алуу кеңештери түзүлүп иштер жүргүзүлдү.

-Сентябрь,октябрь айларында мектептин айланасында жашаган жашоо шарты кризистик абалда болгон кайырчылык менен алектенип мектепке тартылбай жаткан балдарды аныктоо жана тактоо максатта атайын "Кайрадан мектепке "аттуу рейддер уюштурулуп,иштер алынып барылды Жалал-Абад шаарындагы жаштардын жана балдардын арасында укук бузууларды жана кылмыштарды, суициддерди алдын алуу боюнча биргелешкен иш-чаралар планынын негизинде мектепте окуучуларга "Биздин турмушубуз,жашоо эрежебиз-Манас","Сергек жашоо турмушту үгүттө","Мыйзам жана тартип" деген темаларда тарбиялык сабактар,ата-энелерге түшүндүрүү иштер жүргүзүлдү.

Балдардын жаш өзгөчөлүгүн эске алуу менен тарбиялоо маселесинде ата-энелерге жүгүртмө баракчаларын таркатуу менен сунуштарын аныктоо.мектеп менен үй-бүлөнүн ортосундагы карым-катнаш, өз ара аракеттенүү боюнча,жашаган жерлери боюнча ар кандай куракттагы балдар менен иштөөнү күчөтүү,үймө-үй кыдырууну колго алуу менен түшүндүрүү иштери байма-бай жүргүзүлдү .Билим берүү мекемелеринде балдардын суицидин алдын алуу боюнча иш –чаралар, балдардын коопсуздугун камсыз кылуу маселелери боюнча ата-

энелердин жалпы окуулуктары уюштурулду, турмуштук оор кырдаалга жол бербөө боюнча алдын алуу иштерин өткөрүү үчүн аларды эрте табуу максатында үй бүлөлөргө мониторинг, аныктоо иштери аткарылып жатат. 2021-2022-жылга карата өз өмүрүнө кол салуу, балдарга карата зомбулук көрсөтүлгөн факты катталган жок.

Метепте атайын жаштар комитети ,мэрия өкүлчүлүктөрү, шаардык казыяттын өкүлдөрү менен биргеликте "Терс көрүнүштөргө бөгөт коюу"аталыштагы жолугушуулар уюштурулуп окуучулар арасында суроо-жооп талкуу жүргүзүлдү. Ата-энелер менен биргеликте өз өмүрүнө кол салуунун алдын алуу , диний экстремизмге каршы күрөшүү жана терроризмдин алдын алуу боюнча, 2 жолу жолугушуулар уюштурулду.

Шаардын аймагында жашаган жашоо шарты кризистик абалда болгон кайырчылык жана тилемчилик менен алектенип мектепке билим алууга тартылбай калган жана түнкү убакта компьютер, интерет клубдарда жүргөн жаш өспүрүмдөрдүн укук бузуп, кылмыштуулукка баруусун алдын алуу, селсаяк балдарды тактоо, аныктоо аларды кайрадан мектепке тартуу максатында ШИИБнүн ЖЖӨИ кызматкерлери менен биргеликте "Кайрадан мектепке", "Түнкү өспүрүм", "Кышкы каникул", "Лидер", "Мектеп күзөтү", "Безпризорник " аталышында 6 жолу рейддер жүргүзүлдү.

-укук коргоо органдары, ГАИ кызматкерлери жол эрежелеринин коопсуздугун сактоо максатында "Үй жана мектеп" темасында 3 жолу лекциялар өткөрүлдү.

-"Эрте никеге туруу " аталышындагы аялдар кеңеши менен , "Бангизаттарга каршы күрөшүү" "Тамеки тартуу өмүргө зыян", "Насыйвайдын зыяндуулугу " боюча (ботулизм, кургак учук ,СПИД ж.б)алдын алуу үчүн дарыгерлер менен биргеликте 3 жолу жолугушуу болду.

Окууга тартылбаган балдарды аныктоо ,зордук-зомбулук жана ырайымсыз мамилелердин алдын алуу боюнча ата-энеси мигрант үй-бүлөдөгү балдардын жашоо шарттарын изилдөө үчүн үймө-үй кыдыруу рейддери ,окуучуларга ,мугалимдерге сурамжылоо (анкеталар) жүргүзүлдү

2022-жылдын үч айында жаш өспүрүмдөрдүн арасында укук бузуулардын,кылмыштуулуктун , зордук-зомбулуктардын ,өз өмүрүнө кол салуунун алдын алуу боюнча төмөндөгүдөй иштер аткарылды

2022-жылдын 20.09 өспүрүмдөрдүн зордук зомбулукка кабылуусуна жол бербөөгө карата шаардык мэрияда мектеп директорлору, соц.педагогдор,укук коргоо органдары ,социалдык коргоо бөлүмүнүн кызматкерлеринин катышуусунда тегерек стол өткөрүлдү;

15.10 мектептерде кылмыштуулуктун алдын алуу жана болтурбоо максатында Спутник аймагында жайгашкан Военный частта "Ачык эшиктер" күнү өткөрүлдү.

Жуманын ар бир шейшемби күнү "Кылмыштуулукка каршы күрөшүү күнү" деп белгиленип, ар түрдүү иш чаралар өткөрүлөт.

Ар бир даталуу майрамдарга карата тарбиялык сабактар, класстан тышкаркы иш-чаралар КВН, адабий-музыкалуу кечелер, белгилүү инсандар менен жолугушуулар, тегерек столдор, дил баян, сүрөт сынактары байма-бай уюштурулуп турат.

Мектептерде окуучуларды зомбулуктан коргоо боюнча усулдук нускама кат менен жалпы мугалимдер таанышты жана ар бир мугалим тааныштым жана тартипти туура сактайм деп кол коюшту . Балдарга карата зордук-зомбулук жана ырайымсыз мамиле жасоону болтурбоо боюнча иш-чараларды иштелип чыкты.Мугалимдин этикасы деген бурчтар уюштурулду. Зомбулуктун алдын-алуу,ишеним телефондорун "111" боюнча маалымат берилди жана мектепке ишеним почтасы илинип,ал кутуча жумасына бир жолу ачылып,андагы даттануулар боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп,чаралар колдонулууда.

Жалал-Абад шаарындагы №8 жалпы орто билим берүүчү мектеби мекемесинде Республикада болуп жаткан өз өмүрүнө кол салуу ,ала качуу балдарга карата ички тышкы зордук-зомбулук жана кылмыштуулуктун аладын алуу максатында иш-чаранын гегизинде иштер жүргүзүлдү,12-16-апрель күндөрү 5-11-класста ар бир класстын класс жетекчилери кыздар кеңеши жана балдар кеңешин өткөрүштү.

19-апрель күнү 8-9-класстын кыздарына,21-апрель күнү 10-11-класстын кыздарына мектеп админстрациясы,жана улуу эжекелерибиздин катышуусунда «Мен туура жолду тандоом керек»деген темада жалпы кыздар кеңеши өткөрүлдү.

26-апрель күнү «Туура жолдон адашпоо»темасында агайлардын,мектеп админстрациясынын жана ИДН кызматкеринин катушуусунда 9-10-11-класстын эркек балдарына балдар кеңеши өткөрүлдү.

20-апрель күнү чоң класстын окуучулары менен биргеликте «Коомдо болуп жаткан окуялардан терс жагын эмес оң жагын алуу керек»деген темада тегерек стол уюштурулду,тегерек столдун жүрүшүндө жаш өспүрүмдөр катышып жаткан терс окуялар чагылдырылгын видео тасамалар көрсөтүлүп,мугалимдер өз ойлорун айтышып,окуучулар менен чогуу талкууланды.

Ар бир класс жетекчи ата-энелер чогулуштарын өткөрүштү,жана ата-энелерге балдарды жана кыздарды аябай жакшы көзөмөлдөө керек экендиги жана терс окуяларды болтурбоо алардын да колунда экендиги мектеп директору тарабынан түшүндүрүлдү.

Кылмыштуулукту жана зордук-зомбулукту болтурбоо максатында,ар бир класска «Кылмыштуулук биз үчүн жат көрүнүш», «Биз кылмыштуулуктан алыспыз», «Уурулук чоң кылмышка жетелейт»ж.б темаларда тарбиялык сааттар өтүлдү. «Мен ким менен жашайм»урааны астында март апрель айларында 4 жолу мектеп рейдттери өткөрүлдү. Зордук-зомбулукка кабылган окуучуларды тактоо,суициддин алдын алуу максатында «Менин үнүм»иш-чарасы өткөрүлдү иш чаранын жүрүшүндө ар бир класс жетекчи тарабынан ар бир окуучудан анын эч кимге айта албаган көйгөйү тууралуу жашыруун кат алынды.Мектепте илинип турган «111» ишеним телефону жөнүндө дагы маалыматтар берилип,ишеним кутучасы ачылып,анда эч кандай каттар жок экендиги такталды.Жуманы ар шейшемби күнү аймактык тескөөчү Кадырали ууу Дилшат мектепке келип окуучуларга лекция өтүп кетет.Жыл башында ИДН көзөмөлүндө 3 окуучу турган болсо алардын бирөө учёттон алынды,дагы бир окуучуга эскертүү берилип эгер жүрүш-турушу ушундай болуп жаман жака өзгөрбөсө жыл жыйынтыгы менен ал да учёттон алынары

айтылды,жана окуу жылынын аякташы менен Ваххапов Камрон да учёттон алынып азыр бир окуучу Хайбатова Муслима ИДН көзөмөлүндө.

Онлайн мезгилинде да клас с жетекчилер тарабынан окуучулар жана алардын ата-энелери менен тынымсыз байланыш жүрүп,ата-энелерге балдарды жакшы козөмөлдөө керек экендиги онлайн мезгилде убагында сабактарга катышуусу зарыл,антпесе балдар бош убактысын эмне менен өткөрүүнү билбей түрдүү кылмыштуулуктарга аралашып калуусу мүмкүн экендигин эскертишти.Онлайн мезгилиндеги сабакка катышпага жалпы 30 окуучунун үйлөрүнө мектеп жетекчилиги жана аймактык тескөөчү Кадырали уулу Дилшат тарабынан рейд уюштурулуп,алардын ата-энесине түшүндүрүү иштери жүргүзулүп,окуучуларды онлайн сабакка катышуусу камсыздалды.Офлайн мезгилде мектеп жетекчилиги тарабынан 18,онлайн мезгилинде 10 ирет рейд уюштурулду,жана жыйынтыгында зордук-зомбулукка кабылган балдар катталган жок,айрым майда тартип бузган окуучуларга жана алардын ата-энелерине түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. 2021-2022 окуу жылында Жалал-Абал шаарындагы №8 жалпы орто билим берүүчү мектеби мекемесинде ИДН көзөмөлундө Жалал-Абад шаарындагы Тургенева- 2 А көчөсүнүн жашоочусу 9-б классынын окуучусу Хайбатова Муслима ИДНдин каттоосунда турган,2021-2022-окуу жылынын 3-чейрегинен баштап пед.советтин чечим менен мугалимдерден кс 2021-2022 окуу жылында Жалал-Абал шаарындагы №8 жалпы орто билим берүүчү мектеби мекемесинде ИДН көзөмөлундө Жалал-Абад шаарындагы Тургенева- 2 А көчөсүнүн жашоочусу 9-б классынын окуучусу Хайбатова Муслима ИДНдин каттоосунда турган,2021-2022-окуу жылынын 3-чейрегинен баштап пед.советтин чечими менен,Муслиманын мектепке такай келүү шарты жок экенин эске алуу менен мугалимдерден көрсөтүлгөн акчалай жардамдын негизинде сырттан окуу мектебине өткөрүлдү.

**Тарбиялык сааттар жана класстан тышкаркы иштер:**

2021-2022-окуу жылында атайын түзүлгөн иш-чаранын негизинде жалпысынан 37 тарбиялык сааттар калтырылбастан өз убагында баардык окуучуларга өтүлдү. 23-сентябрь Кыргыз тилинин кабыл алынгандыгына 32 жылдыгына карата ар бир класстарда, «Эне тилим эне сүтүм», «Кыргыз тили кылымдарды баскан тил» «Кыргыз тилим мурасым» аттуу тарбиялык сааттар өтүлдү, класстар арасында «Кыргыз тили улуу тил»аттуу видеоролик конкурсу жарыяланып жакшы даярдалган видероликтер үчүн грамоталар тапшырылды. «1-октябрь Каарылар күнүнө»карата класстарда «Каарылар биздин сыймыгыбыз», «Каарысы бардын ырысы бар» темасында тарбиялык сааттар өтүлдү,жана мектептеги улгайган мугалимдерибизге атайын видеороликтер даярдалып беш аксакал мугалимге ар бирине 200 сом өлчөмүндө белектер берилди.«1-ноябрь Милиция күнүнө»крата бардык класстар «Милиция тартип символу» деген темада тарбиялык сааттар өтүлдү,ар бир класста «Милицияга таазим»темасында видеороликтер даярдалды.Декабрь айында онлайн окуп жаткан окуучуларга жарылуучу заттарды колдонуунун зыяндары боюнча даярдалган видеороликтер даярдалып көрсөтулдү,ал эми офлайн окуган окуучуларга мектеп жетекчилиги жана аймактык тескөөчү Кадырали уулу Дилшат тарабынан мектепте жана башка жерлерде адам өмүрүнө зыян келтирүүчү жарылуучу заттарды колдонбоо керек экендиги боюнча

түшүндүрүү иштери жүргузүлдү. 16-февралда шаардык денгээлде өткөрүлгөн«Манас таануу» интеллекетуалдык таймашта «Чйырды»тайпасы 3-орунду ээлеп келишти. 2-март күнү «Мен Кыргызстандык экениме сыймыктанам»аттуу кароо сынакка бийчи кыздарыбыз катышты. 9-март күнү шаардык денгээлде «Эрте никеге туруууга каршыбыз билим алууну каалайбыз»аттуу иш чара өткөрүлүп анда мугалимдер жана окуучулар активдуулугун көрсөтүп жакшы деген баа алдык. «Улуу Ата-мекендик согуштагы жеңишке 77 жыл» темасында класс жетекчилер тарабынан тарбиялык сааттар баардык окуучуларга өткөрүлдү. «Улуу Ата-Мекендик согуштагы Жеңиштин 77 жылдыгына»карата кабинеттерге бурч уюштурулду . «Өлкөдө согуш болбосун»деген темада видео роликтер даярдалып,окуучуларга көрсөтүлдү. «Улуу Ата-Мекендик согуш балдардын көзү менен»деген темада сүрөт конкурсу жарыяланып андан жеңип чыккан 7-класстын окуучусу Алиханова Сабина жана 4-класстын окуучусу Саидаматова Сарвиноз шаардык турга катышып,грамота жана баалуу белектерди алышты. «Мекенди коргоочулар түбөлүк эсте сакталат»деген темада чакан кече өткөрүлдү.9-май күнү шаардык денгээлде өткөрүлгөн "Өчпөс полк"акциясына мугалимдер жамааты барып активдүүкатышты.

Президенттин жарлыгына ылайык атайын иш-чаралар планы иштелип чыкты,көрнөк жарнактар илинди,тарбияга чакыруучу макал-лакаптар да илинип мектепте атайын бурч уюштурулду. «Жашыл мектеп» акциясы уюштурулуп,мектепке гүлдөр дарактар отургузулуп,аптанын ар ишемби күнү «Табият жана мен»ураанын астында ишембиликтер өткөрүлдү. «Бир мугалим бир дарак»ураанын астында мугалимдер тарабынан мектептин короосуна гүлдөр жана көчөттөр отургузулду.Ү чайлык ишембиликтин алкагында да мугалимдер ар ишемби күнү мектептин короосун жана мектепке жакын жайгашкан көчөлөрдү тазалашты.Мектепте спорттун баардык түрлөрү боюнча оюндар уюштурулуп андан жеңип чыккан окуучулар шаардык спорт мелдештерине катышып алдыңкы орундарды багындырды.

Жалал-Абад шаарындагы орто билим берүүчү №8-мектеби,Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2017-жылдын 23-августундагы «Жалпы билим берүүчү уюмдарынын 2021-2022-окуу жылына карата Базистик окуу пландарын бекитүү жөнүндөгү» 31110/1 сандуу буйругун билим берүү мекемелеринде аткаруу жана жаш өспүрүмдөрдүн арасында жол кырсыктарынын алдын алуу максатындагы буйруктарын аткарууда иш чарасы түзүлүп бекитилип, иш-чаранын негизинде иштер алынып барылды. Эки жумада бир 1-11-класска чейин «Биз жол эрежесин билебиз»темасында тарбиялык сааттар өтүлдү. Январь февраль айларында жумасына эки жолу 1-класстар окуучулары үчүн ЮИДД командасы жолдо жүрүү эрежелерин жана атайын өтмөктөрдөн өтүүнү жол чырак боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүздү. 21-январда МАИ кызматкерлери менен биргеликте 9-класстын окуучулары «Айдоочу абайла»аталышындагы акцияга катышып,МАИ кызматкерлери менен биргеликте мектептин жанынан өткөн автоуналарга абайлап өтүү керек экендигин эскертишти.18-февраль күнү «Жол кырсыктарынын алдын алуу» максатында уюштурулган «Жолдо жүрсөң сак бол» аттуу 4-5 –класстын окуучулары арасында

КВН МАИ кызматкерлеринин катышуусунда уюштурулуп мыкты деңгээлде өттү. Башталгыч класстарда окуу программасына ылайык сабактар январь февраль айларында түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп,жана ар түрдүү каро-сынактар өткөрүлдү.

«1-июнь балдарды коргоо» күнүнө карата класстарда тарбиялык ачык сааттар өтүлдү.Шаардык мэрия тарабынан уюштурулган Токтогул Сатылганов атындагы эс алуу паркына 20 окуучу барып,майрамдык иш-чарага катышып,асфальтка сүрөт тартуу конкурсуна катышып,белектерди жана ширидиктерди алып кайтышты.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын окуу жылын жыйынтыктоого арналган салтанаттуу салтанаттуу иш-чараны уютуруу өткөрүү максатында ШБББнүн 20.05.2022-ж № буйругунун негизинде 9-июнь «Акыркы конгуроо»салтанатын өткөрүү боюнча иш-чаралар планы түзүлдү,пландын негизинде бүтүрүүчү класстын ата-энелерине чогулуштар өткөрүлүп,аларга балдарды ошол күнү өздөрү көзөмөлдөп алып келип кетүүсү,мыйзамсыз акча чогултуулар болбоосу жана окуучуларга ар түрдүүкечелерге,табият койнуна эс алууларды уюштурбоосу керек экендиги боюнча түшүндүрүү иштер жургузулүп ата-энелерге жана окуучуларга кол коюлуп алынды.

Окуу жылы аяктагандыгына байланыштуу жайкы эс алуу иш-чарасы түзүлүп бекитилди.2022- окуу жылдын үч айлык жайкы эс алуу учурунда кечки саат 18:00 дөн кийин ата-энесиз көчөдө жүрбөө,интернет клубтарына барбоо,техникалык коопсуздук эрежелерин сактоо,одоно тартип бузбоо жөнүндө мектеп жетекчилиги тарабынан эскертилди жана ар бир окуучуга тааныштырылып колдор коюлуп алынды..Жана окуучулардын кайсыл жерде эс ала турганы такталып,жыйынтыгында мектепте жалпыснан 1114 окуучу болсо алардын 1092 окуучу үйүндө ата-энеси менен,18 окуучу чет өлкөлөрдө 4 окуучу жайлоодо жайкы эс алууну өткөрө тургандыгы такталды.

Мектептин мугалимдери жана окуучулардын ата-энелеринин арасында максаттуу иш алып баруу үчүн мектептеги мугалимдердин этикалык нормаларды бузуусуна каршы багытталган, ата-энелердин балдарга карата зомбулуктуу болтурбоо, балдардын ден соолугун жана өмүрүнүн коопсуздугун коргоо боюнча иш-чара түзүлүп бекитилди. Мугалимдерге тегерек стол, чогулуштар уюштурулуп, окуучуларга туура эмес мамиле кылбоо, окуучуларды туура тарбияга, жөн гана сөз менен тушүндүрүү керек экендиги, коридорлордо кыйкырык-бакырыктарды болтурбоо үчүн мугалимдер өздөру секин сөз менен сүйлөөсү керек экендиги, мугалимдердин этикалык нормасы боюнча түшүндүрүлүп айтылды, жана ар бир мугалим таанышып чыккандыгы анык экенди-гине, ар дайым мугалимдик этикалык норманы сактоого кол коюп берди. Мектеп жамааты арасынан окуучуларга мугалимдер ,ата-энелер тарабынан зордук- зомбулук көрсөтүлбөө максатында атайын топ тузүлдү:

1. Кушубакова.Э. - мектеп директору

2. Байкүчүкова Д. - окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары

3. Эргешова.З - башталгыч класс завучу

4. Маман кызы Г. - тарбия иштери боюнча директордун орун басары

5. Даткаева С. - соц.педагог

6. Халдарова.Ш - профком

7. Пазылова Х. - усулчу

8. Тешебаев З. - ата-энелер комитети

9. Асакрова К. - баш. класс мугалими

10. Ханашходжаева Н. - өзбек тил жана адабияты мугалими

Бул түзүлгөн топ окуучулар менен тыгыз байланышта болуп, аларга карата туура эмес мамилелерди жана зордук- зомбулукту болтурбоо боюнча иш алып барууда.

Алдыда тузүлгөн топ жана класс жетекчилер биргеликте ар бир күмөндүү окуучунун үйүнө барып анын жашоосу, ким менен жашагандыгы жана ага зордук-зомбулук болбой жаткандыгы боюнча ай сайын рейд жүргүзүлдү.

«Диний экстремизмге каршы күрөшүү»боюнча түзүлгөн иш-чаранын негизинде иштер алынып барылды.

Ата-энелерге дин кызматкерлери, ИДН кызматкерлери менен биргеликте, «Биз диний экстремизмге каршыбыз»деген темада тегерек стол уюштурулду.Тегерек столго 8-11-класстын окуучулары, 200-ата-эне жана дин кызматкерлери, ИДН кызматкерлери Кадырали уулу Дилшат, мугалимдер катышып кызыктуу талкуу жүрдү.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 14-январындагы « Адамдарды сатуунун алдын алуу жана ага каршы күрөшүү» жөнүндө № 14 токтомун жана Жалал-Абад шаардык мэриясынын 2013-жыл-дын 3-апрелиндеги № 112 токтомунун негизинде 2020-2021-окуу жылында №8 орто мектебинде «Адамдарды сатуунун алдын алуу жана ага күрөшүү» боюнча иштер алынып барылды. Окуучулар «Адамдарды сатуудан сак болгула» аттуу китеп менен таанышышты. Китепте чет өлкөдө жумуш издеп алданган,сатылган адамдардын тагдыры берилген. Чет өлкөдө мыйзамдуу түрдө ишке орношууга КР элчилигинин жана Өкүлчүлүгүнүн телефон номерлери менен байланышуу керектиги жөнүндө маалымат алышты. Жалал-Абад шаарындагы №8-орто мектебинде 2021-2022-окуу жылында этностук кыргыз окуучулар катталган жок.

***2021-2022-окуу жылынын № 8 жалпы орто билим берүүчү мектеби мекемесинин социалдык педагогдун аткарган иштери жонүндо отчету***

**1.Статистика боюнча**

2021-2022-окуу жылында мектепте жалпы 57 мугалим. Алардын ичинен 47 жогорку билимдүү, 10 атайын орто билимдүү, 8 билим берүү отличниктери жана 4 насаатчы мугалимдер эмгектенишет.

Жылдын башында 1078 окуучу окушуп , мектепте 43 класс комплекти уюштурулуп, 42 класс жетекчилер класстарга класс жетекчилик милдетти аткарышат.

2021-2022-окуу жылында 1-11-класстарга чейин окуучулардын социалдык паспорттору түзүлүп, анын негизинде социалдык абалы такталды.

1.Тоголок жетим-2

2.Жарым жетим-25

3.Аз камсыз үй бүлөнүн балдары-37

4.Майып балдардын саны-12

5.Мигрант үй бүлөнүн балдары-98

6.Ооган ардагерлеринин балдары-0

7.Баткен ардагерлеринин балдары-0

8.Июнь окуясына катышкан ата-энелердин балдары-0

9.Этникалык үй бүлөнүн балдары-0

10.Социалдык жетим балдардын саны-76

11.ИДНдин каттоосуна катталган окуучулардын саны-0

12.Мектептин ички көзөмөлүнө

катталган окуучулардын саны-0

13. ЧАЭС те болгон ата-энелердин балдары-2

**2. Турмуштун оор кырдаалына кабылган окуучуларга көрсөтүлгөн жардамдар:**

2021-2022-окуу жылынын сентябрь айынан баштап окуучулардын социалдык абалы такталды. 3-декабрь - Эл аралык майыптуулугу бар жарандарды коргоо күнүнө карата төмөнкүдөй иштер жүргүзүлдү.

Бул датага байланыштуу ар бир класста класс жетекчилер тарбиялык сааттарды өтүштү.

"Биз баарыбыз бирдейбиз" деген ураан астында окуучуларга түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, акция уюштурулду. Акциянын натыйжасында 8000 сом акча каражаты топтолду. Чогултулган акчанын 8000 сомун(окуу куралдары, альбом,ручка,карандаш, фламастер, түр карандаш, апликация, тетрадь ж.б) мектебибиздеги ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген 12 окуучуга жумшалды.

1. Ходжаев Файзуллох- 1ᵃ-класс (үйдө окутуу)- 500 сом акча каражаты, окуу куралдары жана продуктыдан жардам көрсөтүлдү.
2. Гапиржанов Абдулазиз- 2ᵃ класс (үйдө окутуу)- 500 сом акча каражаты, продукты жана окуу куралдары.
3. Мамаджанов Мухаммедали- 2-ᵇ класс (үйдө окутуу)- 500 сом акча каражаты, окуу куралдары жана продукты.
4. Шарафиддинов Мухамедали- 3ᵇ- класс (үйдө окутуу)- 500 сом акча каражаты, окуу куралдары жана продукты.
5. Ахмедов Абдужалил- 3ᵃ –класс (үйдө окутуу)- 500 сом акча каражаты, продукты, окуу куралдары.
6. Саттарова Мухлиса - 4ᵃ-класс (үйдө окутуу)- 500 сом акча каражаты, продукты жана окуу куралдары .
7. Ахмеджанов Амиржан – 6ᵃ- класс (үйдө окутуу)- 500 сом акча каражаты, окуу куралдары, продукты.
8. Абдукеримов Абубакир- 7-ᵛ класс- (үйдө окутуу)- 500 сом акча каражаты, окуу куралдары жана продукты.
9. Алматов Алиакбар - 8-ᵃкласс – (үйдө окутуу)- 500 сом акча каражаты, продукты жана окуу куралдары.
10. Атажанова Амина- 9ᵇ-класс- (үйдө окутуу) -500 сом акча каражаты, продукты жана окуу куралдары.
11. Хашимов Ахрор- 8ᵇ-класс (инклюзив)-500 сом акча каражаты, продукты, окуу куралдары.
12. Юлдашева Рахнамо - 5-ᵃкласс (инклюзив)-500 сом акча каражаты, продукты жана окуу куралдары.

Андан сырткары Жалал-Абад шаарындагы Кугарт кичи районунун Манас проспектиси № 73 даректе жайгашкан "Кыргыз Азиздер жана Дүлөйлөр Коомуна" 2000 сом акча каражаты жана азык-түлүк, кийим-кечеден жардам көрсөтүлдү.

## 3. Диний экстремизм боюнча

17-сентябрда мектеп окуучуларынын жана ата-энелерге –дин кызматкерлери, ИДН кызматкерлери менен биргеликте , “Биз диний экстремизмге каршыбыз” деген темада тегерек стол уюштурулду. Тегерек столго 8-11-класстын окуучулары , 50 ата-эне жана дин кызматкерлери , Кадырали уулу Дилшад, мугалимдер катышып кызыктуу талкуу жүрдү.

7-8-октябрь күндөрү 8-“а,б,в”класстын окуучулары арасында “Ыймандуу болуу биримдикке жана тынчтыкка жетелейт”темасында видео роликтердин конкурсу өттү.

15-ноябрь күнү 7-11-класстын окуучуларына аймактык тескөөчү Кадыраалы уулу Дилшад “Мектеп рекечиликке каршы” темасы боюнча жолугушуу уюштуруп, өзүнүн тажрыйбасындагы рекетчиликтен жабыр тарткан окуучулар боюнча маалыматтарды айтып, окуучулар тарабынан берилген суроолорго жооп берди.

20-ноябрь күнү 9-класстын окуучулары арасында “ Ыйман биримдиктин жана тынчтыктын өзөгү” темасында видео роликтердин таймашы уюштурулуп женген окуучулар баалуу белектер менен сыйланды.

Ден-соолук -2021 темасында шаардык даарыгерлер менен биргеликте “Тамеки -өмүргө зыян”, “Бангизаттардын зыяндуулугу” темасында семинар өтүлдү.

## 4.Кайрымдуулук акциялары;

1-октябрь “Улгайган адамдардын Эл аралык күнүнө” карата 3-октябрь күнү “Карысы бардын, ырысы бар” темасында тарбиялык сааттар өтүлдү.(1-2-3-4),(5-6-7-8-класстарда)

1-октябрь “Улгайган адамдардын Эл аралык күнүнө” карата

мектепте окуучулар менен биргеликте Тоголок Молдо-43 үйүнүн жашоочусу пенсионер, жалгыз бой эне Акбарова Розалиянын үйүнө барып, акчалай, азык-түлүк жана үй жумуштарына жардам көрсөтүлдү (материалдык жардам)(7-класстын окуучулары)

“Социалдык адилеттүүлүк деген эмне?” темасында 5-6-7-8-класстарда тарбиялык сааттар өтүлдү.

Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясы тарабынан 20-февраль «Социалдык адилеттүүлүктүн дүйнөлүк күнү “ деп жарыялангандыгына байланыштуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 19-февралындагы № 110 сандуу токтомун аткаруу максатында Жалал-Абад шаардык

мэрия жана шаардык билим берүү бөлүмүнүн буйругу менен 1941-1945 жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштагы Жеништин 75 жылдыгын майрамдоого арналган жана Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучуларын, ооруктун ардагерлери , аз камсыз болгон үй бүлөөлөр , ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген жана жалгыз бой улгайган карыяларга ар тараптуу колдоо көрсөтүү боюнча иш пландар түзүлүп, бекитилди. . Ошондой эле мектепте окуган аз камсыз болгон үй бүлөнүн балдарына азык-түлүк, кийим-кечеден жардам көрсөтүлдү. Таш-Булак айылындагы майып балдардын реаблитациялык борборуна тамак-аш, кийим кече жеткирилди.

**5. Укук бузууларды жана кылмыштарды, суициддерди алдын алуу;**

2021-2022-жылдарга карата Жалал-Абад шаарындагы жаштардын жана балдардын арасында укук бузуулардын жана кылмыштарды, суициддерди алдын алуу боюнча биргелешкен иш-чаралар планы түзүлгөн. Иш пландын негизинде суицид темасында жыл ичинде тарбиялык сааттар өтүлдү.

Жашы жете элек өспүрүм балдардын арасында кылмыштуулуктун алдын алууда түшүндүрүү иштерин жүргүзүү максатында мектепте 2022-жылдын 29-апрелинде шаардык мэрия, шаардык билим берүү бөлүмү, шаардык прокуратура, шаардык эмгек жана социалдык өнүктүрүү башкармалыгы, шаардык ички иштер бөлүмүнүн өкүлдөрү мектеп окуучуларына жана ата-энелерге жолугушуу өткөрүп түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү.

2021-жылдын 26-сентябрь күнү “Өз жанын кыюу деген эмне?”, “Жашоо” темаларында 5-6-7-8-9-класстарда тарбиялык сааттар өтүлүп, түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Укук бузууларды жана кылмыштарды, суициддерди алдын алуу “Балдар үчүн ишеним телефон борбору” мамлекеттик мекемесин түзүү жөнүндөгү токтомуна ылайык “111” номерлүү ишеним кутучасы түзүлүп илинген. Суицидке кабылган окуучулар жок.

**6. Мектеп ичинде, ИДНдин каттоосунда турган балдар жөнүндө**

Жылдын башында тартиби оор балдар менен иштөө иш планы түзүлгөн. Иш пландын негизинде тартиби оор балдар менен иштөө, колго алынган.

Мектепте ИДН дин каттоосунда жана мектептин ички көзөмөлүндө турган окуучулар катталган жок.

**7. “Адамдарды сатуунун алдын алуу жана ага каршы күрөшүү”**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 14-январындагы "Адамдарды сатуунун алдын алуу жана ага каршы күрөшүү" жөнүндө №14 токтомун жана Жалал-Абад шаардык мэриясынын 2013-жылдын 3-апрелиндеги №112 токтомунун негизинде 2021-2022-окуу жылында № 8 жалпы орто билим берүүчү мектебинде "Адамдарды сатуунун алдын алуу жана ага каршы күрөшүү" боюнча иштер алынып барылды. Окуучулар 16-сентябрда "Адамдарды сатуудан сак болгула" аттуу китеп менен таанышышты. Китепте чет өлкөдө жумуш издеп алданган, сатылган адамдардын тагдыры берилген. Чет өлкөдө мыйзамдуу түрдө ишке орношууга КР элчилигинин жана Өкүлчүлүгүнүн телефон номерлери менен байланышуу керектиги жөнүндө маалымат алышты. 23-октябрда "Билимдүү, тарбиялуу балдар –Мекенибиздин келечеги " темасында ата-энелер чогулушу болуп өттү. 8-а класстын окуучулары "Сатылуудан сак бол" аттуу темада атайын даярдалган сахналаштырылган көрүнүш көрсөтүп беришти. Ата-энелер, келген коноктор кызыгуу менен көрүштү. Окуучуларга чон таасирин берди.

### 8. Баңгизаттардын алдын алуу боюнча

Жалал-Абадшаарындагы №8 жалпы орто билим берүүчү мектебинде баңгизатка каршы күрөшүү боюнча иш-чара түзүлүп бекитип,иш- чаранын негизинде иштер алынып барылды.
Түзүлгөн иш-чаранын негизинде сентябрь айында «Тамеки өмүргө зыян» деген темада 1-11-класс окуучуларына тарбиялык сааттар өтүлдү. Баңгичиликке каршы күрөшүү боюнча окуучулар жана мугалимдерден турган төмөнкү топтун мүчөлөрү

1.Топтун жетекчиси:соц.педагог-Даткаева С.Т.
2.Топтун мүчөсү англис тили мугалими-Аширбекова Л.
3.Дене тарбия мугалими-Тешебай уулу Жалолдин
4. 11-класстын окуучусу Абдувалиев Саид
5. 10-класстын окуучусу Артыков Аслиддин
6. 9-класстын окуучусу Абдукеримов Хожиакбар
7. 9-класстын окуучусу Садыков Жахонгир

9-октябрь күнү 9-11-класстын окуучуларына «Ден соолуктун душманы-баңгичилик»деген темада видео роликтердин таймашын уюштурду.Ушул эле топтун мүчөлөрү 22-октябрь күнү«Биз баңгичиликке каршыбыз» деген сүрөт көргөзмөсүн уюштурду ,көргөзмөдө окуучулар баңгичиликтин кесепетине чалдыккан ар түрдүү коркунучтуу оорулардын түрлөрүн сүрөткө түшүрүштү.

Баңгичиликтин алдын алуу боюнча «Спорт баңгичиликтен алыстатат» урааны алдында ноябрь айында 7- 8-класстардын арасында футбол оюну боюнча, 9-10-класстардын арасында волейбол оюну боюнча мелдештер уюштурулуп, жеңүүчүлөргө мектеп тарабынан баалуу белектер берилди.

### 9. Ден соолук, СЭС, Ботулизм, кургак учук, грипп, мите курттар жөнүндө маалыматтар;

Жалал-Абад үй- бүлөлүк дарыгерлер борбору менен биргеликте атайын "Ден-соолук-2021" программасы иштелип чыгып, балдардын саламаттыгын сактоо максатында "Ботулизм", "Кургак учук",

"Мите курттар", "СПИД/ВИЧ,"ГРИПП" "Кызамык" оорулары боюнча

(1-4-класстарда,5-9-класстарда) жат жазуу иштери жаздырылып, түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.( 1-4-класстарга чейин 60 окуучу жазышты )

## 10. Окуучуларды окууга тартуу боюнча аткарылган иштер;

Ар бир класстарда, мектептин айланасын тазалоо иштери ишембиликтер өткөрүлүп турат.

Мектепте жаш өспүрүмдөрдүн арасында укук бузуулардын алдын алуу боюнча профилактикалык кеңешме түзүлгөн. Профилактикалык кеңешменин мүчөлөрүнүн саны-7 мүчөдөн турат.

Тартиби оор окуучулар менен иштөө иш планы түзүлүп,жадыбал иштелип чыккан. Тартип бузган окуучулар жана алардын ата-энелерине түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, мектепте администрация жана класс жетекчилер тарабынан көзөмөлдөнөт.

Окуучулардын арасында опузалоо жана зордук-зомбулук көрсөтүү фактыларына бөгөт коюу алдын алуу иш план түзүлгөн.

Балдардын укугун коргоо максатында анонимдик кутуча илинип, окуучулардан анкета баракчалары жаздырылып алынды. Анкета баракчалар ар бир класстарга таркатылып, балдардын арасында зордук-зомбулукка кабылган балдар жок.

Балдардын бирдиктүү ишеним телефондору "111" номери бурчтарга илинип, камсыз кылынды.

## 11. Социалдык адилеттүүлүк айында көрсөтүлгөн жардамдар боюнча.

2022-жылдын 8-апрелден баштап социалдык адилеттүүлүк айында жашоо шарты начар, социалдык жетим окуучуларга төмөндөгүдөй жардамдар көрсөтүлдү:

| № | Окуучунун аты-жөнү | классы | Үй дареги | Үй-бүлөлүк абалы | Эмне жумуш аткарылды |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Нышанов Хасан<br>Нышанов Хусан | 5-б кл. | Чкалова-6<br>(тоголок жетимдер) | Жашоо шарты орто атасы менен апасы кайтыш | Мектеп окуучулары тарабынан кийим-кече,азык-түлүктөн жардам |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | болгон | көрсөтүлдү |
| 2 | Юлдашев Хасадбек | 6-д кл. | Чехова 65 | Жашоо шарты орто | Кийим-кече,азык-түлүктөн жардам көрсөтүлдү |
| 5 | Ташпулатов Мухаммадкадыр | 8-а кл | Московская 23 | Жашоо шарты начар | Кийим-кече |

**2021-2022-окуу жылындагы рейд боюнча**

2022-жылдын 1-апрелден , 27-апрелге чейин үй-бүлөлүк зордук-зомбулукка, турмуштук оор кырдаалга кабылган балдарды жана үй-бүлөлөрдү, туулгандыгы тууралуу күбөлүгү жок , мектепке тартылбаган , ата-энеси миграцияда жүргөн , ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген , аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү жана жалгыз бой карыялардын даректүүлүгүн күчөтүү максатында үймө-үй кыдыруу жана кызматтарды көрсөтүү максатында “Достук” аймактык башкаруусундагы мектептер №16 мектептин соц.педагогу Атчабарова Гүлбурак , №14 мектеп-гимназиясынын соц.педагогу Ташполотов Токтогул, №5 мектептин соц.педагогу Айдарова Гүлжан , № 8 мектептин соц.педагогу Даткаева Бактыгүл менен биргеликте үймө-үй кыдырууга чыктык.

Рейд мезгилинде шаардагы ВЛКСМ паркында жашаган № 5 мектептин 6-б-классынын окуучусу Кожокеев Мирбектин жашоо шарты менен тааныштык. Окуучунун апасы менен сүйлөшүүлөрдү жүргүздүк, парктын карамагына караган эски жер тамда жашап, ошол эле паркта иштеп күнүмдүк тапкан акча каражаты менен балдарын окутуп тарбиялап жатканына күбө болдук.

Кыргыз Республикасы көчөсүндө жайгашкан авто унаа жуучу жайда иштеп, ошол эле ишканада жашап жатышкан №5 мектептин 9-б классынын окуучусу Искендеров Аргендин үйүнө барганыбызда апасы менен биргеликте бизди жашоо-шарты менен тааныштырды. Аз камсыз болгондуктан жардамга муктаж үй-бүлө экендигине күбө болдук. Ал эми шаардагы пер. Шопокова-5 даректе жашаган №8 мектептин 7-классынын окуучусу Мехманкулова Фатиманын үйүнө барганыбызда апасы оорукчан болгондуктан үй жумуштарын кыздары кезеги менен аткарышып, мектептеги окууга да жетишип, оорукчан апасын караганы да жетишип жаткандыгына күбө болдук.

ПТФ Пригородный кичи шаарчасындагы Рейд учурунда №16 мектептин окуучусу, мүмкүнчүлүгү чектелген 11-класстын окуучусу Эшполотов Бекмураттын жашоо-шартынан кабар алдык, бул окуучу тайенеси менен жашайт. Ушул эле шаарчадагы Пригор. дом 11/16 дарегинде жашаган №16 мектептин 7-классынын окуучусу жарым жетим Мөнөкбаева Сезимай апасы менен жашайт, жашоо шарты менен тааныштык.

Андан сырткары майыптуулугу бар үйдө окуган окуучулардан да кабар алдык. Мисалы: шаардагы Могол-19 дарегинде жайгашкан үйдө окутуудагы 7-класстын окуучусу Абдукеримов Абубакирдин үйүнө барып апасы менен баарлашууда предмет боюнча мугалимдер келип өз сабактарын жакшы түшүндүрүп өтүп жаткандарына токтолуп өттү. Окуучу сабактарында жакшы жазып, окуп жаткандыгын көрдүк.

Островский-124 дарегинде жашаган үйдө окутуудагы 6-класстын окуучусу Ахмеджанов Амиржан да сабактарынан жакшы окуп, жазуусу , өздөштүрүүсү жакшы, мугалимдер келип жакшы түшүндүруп сабак өтүп жаткандыгын айтып өттү.

№8 мектепте окуган тоголок жетим окуучулар Чкалова-6 даректе жашаган Нишанов Хасан, Хусандын үйүнө барып тайенеси менен баарлашып, дайыма колдон келген жардамды көрсөтүп тураарыбызды айтып , окуучулардын жашоо-шарты менен таанышып кайттык.

Мектеп директору: Кушубакова.Э.А